# 2022-2023 окуу жылындагы Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кураторлук иштеринин уюштурулушу, аткарылышы жана жыйынтыктары боюнча I жарым жылдык отчету

Кафедранын бардык окутуучулары факультеттин жана университеттин деңгээлинде коомдук иштерге үзгүлтүксүз катышып келе жатышат. Кафедрадагы кураторлук иштер жыл башында пландаштырылган график боюнча толугу менен аткарылды.

Кураторлор 1-жарым жылдыкта түзүлгөн график жана 2022-2023-окуу жылы үчүн түзүлгөн иш-план боюнча кураторлук ишти өз убагында үзгүлтүксүз жүргүзүп жатышты. Студенттердин жетишүүсү, контрактык төлөмдөрү, жатаканада жашаган студенттердин тизмеси, үй-бүлөлүү студентердин тизмеси, спортсмен, активистердин тизмеси кураторлук журналдарда белгиленген.

Кураторлук сааттардын өтүлүшү куратор тарабынан кураторлук колдонмонун негизинде уюштурулган, кураторлук сааттарда студенттердин сабактарга жетишүүсүн староста тарабынан жумалык жана 1 айлык отчет түрүндө: кураторлук саатта түзүлгөн график боюнча коюлган диспуттук темалар студенттер тарабынан доклад түрүндө жүргүзүлгөн.

Куратор тарабынан студенттердин ата-энелери менен таанышуу, чогуу иш алып баруу иштери жүргүзүлдү. Ошондой эле студенттердин сабакка жетишүүсү жана катышуусу боюнча АВН системасына киргизилген баалар менен ата-энелер толук тааныштырылды.

Кафедрага деканат тарабынан 1-курстардын студенттери үчүн кураторлук иш алып баруу бөлүнгөн. Ар бир окутуучу жыл ичинде өзүнүн кураторлук тайпасы менен коомдук-тарбиялык жана окутуу процессинде иш жүргүзгөн, ар бир тайпанын кураторлук отчету тиркелген.

План боюнча коюлган кураторлук иш I жарым жыл ичинде толугу менен аткарылды; студенттердин сабактарга катышуусу жана өздөштүрүүсүнүн көзөмөлү жумалык жана айлык кураторлук сааттарын да жургузулуп жатты. Тайпадагы студенттердин окуудан сырткары коомдук иштерге активдүү катышуусу кураторлор тарабынан көзөмөлгө алынды.

Улук куратор: [signature] Джеенбаева К.А

Сканировано с CamScanner